Буйрук менен бекитилген
«Умай Групп» ЖЧКсы
2024-жылдын 21-октябрында

**“Умай Групп” ЖЧКда жеке жактардын жөнөкөй электрондуук кол тамганы пайдалануу тартиби**

Муну менен “Умай Групп” ЖЧК (мындан ары – Компания) жеке жактарга Компания менен төмөндө көрсөтүлгөн шарттарда “Умай Групп” ЖЧКда жеке жактардын жөнөкөй электрондук кол тамганы райдалануу тартибине кошулуу келишимин (мындан ары – Келишим) түзүү боюнча мөөнөтсүз сунушту (Айкын офертаны) даректейт. Айкын оферта Колдонуучу тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык жөнөкөй электрондук кол тамга менен Келишимге кол коюу аркылуу же Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-беренесине, 395-беренесинин 3-пунктуна, 398-беренесине, 399-беренесине, 402-беренесине ылайык ушул Айкын офертанын Акцепти аркылуу сунушталган Келишимге кошулуу аркылуу кабыл алынышы мүмкүн. Келишим Компаниянын веб-сайтында жана/же МТда жарыяланган Компаниянын Айкын офертасынын Акцепти аркылуу Колдонуучу Электрондук документтерге кол койгондо Жөнөкөй электрондук кол тамганы пайдалануу боюнча Компания менен Колдонуучунун ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу максатында түзүлөт. Ушул Айкын оферта аны күчүн жоготту деп таануу учуруна чейин, же Айкын офертанын жаңы редакциясын жарыялоого чейин колдонулат.

Ушул Айкын офертада жана Келишимде төмөндөгү терминдер жана алардын аныктамалары колдонулат:

**Акцепт** – Колдонуучунун Айкын офертанын шарттарын кабыл алууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюу аркылуу же Электрондук документтерге ушул Келишимге ылайык Жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюу аркылуу Келишимди түзүүгө толук жана шартсыз макулдугу, мындай жол менен Колдонуучунун Айкын офертанын шарттарын кабыл алууга толук жана шартсыз макулдугу алынды, ал эми Келишим түзүлдү деп эсептелет.

**Келишим –** Айкын офертанын Акцепти аркылуу Компания менен Колдонуучунун ортосунда түзүлгөн “Умай Групп” ЖЧКда жөнөкөй электрондук кол тамганы пайдалануу тартибиге кошулуу келишими.

**Колдонуучу** – Компания менен ушул Келишимди түзгөн жана Компаниянын кызматтарын пайдаланууну каалаган/пайдаланган аракетке жөндөмдүү жеке адам.

**Маалыматтык тутум** (мындан ары - МТ) – Колдонуучуга Компаниянын сервистерин берүү максатына арналган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруу иш-чараларынын тутуму.

**Телефон номери** – МТга кирүүдө Колдонуучу көрсөткөн мобилдик телефондун номери.

**Код (OTP-код, тастыктоо коду)** – МТда Колдонуучуну текшерүү жана ийгиликтүү авторлоштуруу үчүн телефон номерине СМС-билдирүү түрүндө Колдонуучуга жөнөтүлгөн 7 (жети) цифранын бир жолку ырааттуулугу. Коддун колдонуу мезгили жөнөткөн учурдан тартып 3 (үч) мүнөттү түзөт.

**Хештөө (Хеш)** – бул атайын иштелип чыккан математикалык алгоритмдердин жардамы менен маалыматты бекитилген узундукка өзгөртүү процесси. Хештөө маалыматтардын бүтүндүгүн текшерүү үчүн колдонулат, анткени баштапкы маалыматты ар кандай өзгөртүү хеш-сумманы өзгөртүүгө алып келет. Хеш-сумма баштапкы маалыматка уникалдуу

ылайык келген жана алардын уникалдуу белгиси катары кызмат кылган символдордун кыска сабын билдирет.

**Айкын оферта** – Компаниянын веб-сайтында жана/же МТда жарыяланган жана Колдонуучуларга даректелген Компаниянын Келишим түзүү жөнүндө мөөнөтсүз сунушу.

**Жөнөкөй электрондук кол тамга, ЖЭК** – электрондук формадагы башка маалыматка кошулган (кол коюла турган маалымат, электрондук түрдөгү документке) же башкача жол аркылуу мындай маалымат менен байланыштуу болгон жана маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонулган электрондук формадагы маалымат.

**Кол тамга ачкычы** — электрондук кол тамганы түзүү үчүн арналган, электрондук кол тамганын өзү менен дал келген жана коддорду, паролдорду жана башка идентификаторлорду камтышы мүмкүн болгон символдордун уникалдуу ырааттуулугу.

**Электрондук документ** – Компаниянын автоматташтырылган системаларын пайдалануу менен МТда жана/же Компаниянын веб-сайтында түзүлгөн электрондук документ.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Колдонуучу МТда Электрондук документтерге кол коюусу үчүн Жөнөкөй электрондук кол тамга колдонулат.

1.2. Келишимде (Акцептте) камтылган Колдонуучунун фамилиясы, аты, атасынын аты жана Код (болгондо) Келишимге кол койгон Колдонуучуну билдирген маалымат болуп эсептелет.

1.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык ЖЭК менен кол коюлган электрондук формадагы маалымат өз колу менен кол койгон, кагаздагы документке мааниси бирдей деп таанылат. Колдонуучунун Жөнөкөй электрондук кол тамганы пайдалануусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол койгондогудай эле юридикалык кесепеттерди жаратат.

## 2. ЭЛЕКТЕРОНДУК ДОКУМЕНТКЕ КОЛ КОЮУ ТАРТИБИ

2.1. Электрондук документке кол коюу үчүн төмөнкү иш-аракеттерди жүргүзүү керек:

2.1.1. Электрондук документ төмөнкү шарттарды аткарганда ЖЭК менен кол коюлду деп эсептелет:

- Электрондук документти түзүүдө жана (же) жөнөтүүдө кол тамга Ачкычын көрсөтүү;

- түзүлгөн (жөнөтүлгөн) Электрондук документте анын атынан электрондук документ түзүлгөн (жөнөтүлгөн) адамды көрсөткөн маалыматты камтыйт.

2.2. МТда ЖЭК колдонуу үчүн ЖЭК ээси Телефон номерин жана телефон номерине жөнөтүлгөн кодду пайдалануу менен МТда ийгиликтүү авторизациялануусу керек. Электрондук документке кол коюу МТ интерфейсинде Электрондук документти тандоо жана кол коюу баскычын басуу аркылуу аткарылат (“Ырастоо” же МТ форматында жол берилген башка оң жооп). Ошентип, Электрондук документ менен макул болгон учурда Колдонуучу МТда тиешелүү ырастоо баскычын басуу аркылуу өз ниетин ырастайт, ал эми макул болбогон учурда ырастоо баскычын басуу боюнча аракетти аткарбайт.

## 3. МААЛЫМАТТЫ САКТОО

3.1. Ушул Келишимдин 2-бөлүмүндө саналган шарттарды сактаганда, Компания Жөнөкөй электрондук кол тамганы Электрондук документке кошууну жана аны өзгөрбөгөн түрдө сактоону ишке ашырат. Кол коюлган Электрондук документтин өзгөрбөстүгү бүтүн хештөө менен, башкача айтканда Электрондук документтин жана Жөнөкөй электрондук кол тамганын бардык символдорунун хеш-суммасын алуу менен кепилденет.

3.2. Компания төмөнкү иш-аракеттер жөнүндө жазууларды (логдорду) сактоону камсыздайт:

3.2.1. басуунун датасын жана так убактысын көрсөтүү менен Айкын офертанын шарттары менен таанышуу баскычын басуу жөнүндө;

3.2.2. телефон номерин, жөнөтүү датасын жана так убакытты көрсөтүү менен МТда авторизациялоодо Телефон номерине Кодду жөнөтүү жөнүндө;

3.2.3. МТ интерфейсинде Электрондук документти тандоо жана кол коюу баскычын басуу жөнүндө (“Ырастоо” же МТ форматы менен уруксат берилген башка оң жооп.).

## 4. ТАРАПТАРДЫН КЕПИЛДИКТЕРИ, УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ, ЖООПКЕРЧИЛИГИ

4.1. Ушул Тартипке кошулуу менен, Колдонуучу төмөнкүлөрдү ырастайт жана кепилдейт:

4.1.1. МТда авторизациялоодо көрсөтүлгөн телефон номеринин ээси (абоненти) Колдонуучунун өзү экенин;

4.1.2. МТда авторизациялоодо көрсөтүлгөн Телефон номерине, ошондой эле телефондун өзүнө карата үчүнчү жактардын жетүү мүмкүндүгү жок;

4.1.3. ал үчүнчү жактардын Кодго жана МТга санкцияланбаган жетүү мүмкүндүгүнө байланыштуу СМС билдирүү жана Интернет аркылуу маалыматты алмашууда корголбогон байланыш каналдарын пайдаланууга байланыштуу тобокелдиктерди түшүнөт жана толук көлөмдө өзүнө алат.

4.2. Тараптар Коддун купуялуулугун сактоого жана анын үчүнчү жактарга билдирбөөгө милдеттүү.

4.3. Компания жоопкерчилик тартпайт:

4.3.1. Колдонуучу туура эмес жеке маалыматтарды, ал ээси (абоненти) болуп саналбаган телефон номерин көрсөткөн учурда, ошондой эле үчүнчү жактар Телефон номерине жана/же Кодго кирүү мүмкүндүгүн алган учурда;

4.3.2. Компаниядан көз каранды болбогон себептерден улам пайда болгон жана Колдонуучунун Кодду өз убагында эмес алганына же албай калгандыгына, ага тете Колдонуучунун Кодду өз убагында эмес киргизгендигине же киргизбегендигине алып келген мобилдик байланыштын, Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тармагынын, электр байланыш тармактарынын ишиндеги үзгүлтүк үчүн;

4.3.3. Колдонуучу МТ аркылуу, ошондой эле Колдонуучунун түзүлүшүндө орнотулган тиркемелердин жана программалардын жардамы менен же МТдагы анын идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарынын жардамы менен Колдонуучунун атынан аткарылган, Колдонуучу тарабынан санкцияланган жана санкцияланбаган үчүнчү жактардын иш-аракеттери үчүн, анын ичинде Компаниядан көз каранды болбогон себептерден улам кирүү мүмкүндүгүн жоготкон учурда өз алдынча тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти тартат.